# Депозиттер

*(2015-жылдын 12 айы үчүн)*

**1-график. Иштеп жаткан коммерциялык банктардын депозиттеринин динамикасы (бир мезгилдин акырына)**




**2-график. Аманатчылар боюнча депозиттер түзүмү**




2015-жылдын январь-декабрь айларында банктык депозиттер рыногунда 2014-жылдын тиешелүү мезгилине салыштырмалуу коммерциялык банктардын депозиттик базасынын өсүшү байкалган, бул негизинен рыноктун негизги катышуучуларында жеке адамдардын жана юридикалык жактардын валюта эсептериндеги каражаттардын өсүшү менен шартталган. Жыл ичинде улуттук жана чет өлкө валюталарында кабыл алынган депозиттер боюнча пайыздык чендердин көрсөткүчтөрү олуттуу өзгөрүүлөргө дуушар болгон эмес, бүтүндөй өткөн жылдын салыштыруучу мезгилдеринин маанилеринин деңгээлинде сакталган. Депозиттик базанын өзгөрүүсүнүн жогорулатуу тенденциясы ишканалардын эсебинде акча каражаттардын калдыктарынын көбөйүшү, ошондой эле талап боюнча төлөнүүчү депозиттердин жана калктын мөөнөттүү аманаттарынын өсүшү менен келип чыккан.

Кароого алынып жаткан мезгилдин акырына карата коммерциялык банктардын депозиттик базасынын көлөмү жыл башынан тартып 24,6 пайызга көбөйүү менен 102,9 млрд сомду түзгөн. Мында, көбөйүү депозиттик базанын валюталык түзүүчүсүнүн 45,1 пайызга, 67,5 млрд сомго чейин өсүшү менен камсыз болгон. Сом түрүндө аманаттар тескерисинче 1,8 пайызга, 35,4 млрд сомго чейин төмөндөгөн.

2015-жылдын январь-декабрь айларынын жыйынтыктары боюнча курстун өзгөрүүсүн эске алуу менен депозиттик базанын долларлашуусу валюталык депозиттер көлөмүнүн өтө жогорку өсүш арымдарынан улам 7,8 пайыздык пунктка, 59,7 пайызга чейин көбөйгөн.

Кароого алынып жаткан мезгил ичинде депозиттик базанын убакыт боюнча түзүмүндө банктардын кардарларынын талап боюнча төлөнүүчү депозиттеринде каражаттарынын үлүшүнүн 23,6 пайыздан 24,4 пайызга чейин көбөйүшү белгиленген. Эсептешүү эсебиндеги да үлүш 31,3 пайыздан 31,6 пайызга чейин көбөйгөн. Депозиттик базанын мөөнөттүү аманаттарынын үлүшү тескерисинче 45,1 пайыздан 44,0 пайызга чейин төмөндөгөн.

Рыноктун концентрациялануу индекси 0,11 деңгээлинде сакталган, бул концентрациялануунун орточо деңгээлине дал келет жана рынокто бирдей үлүшкө ээ тогуз катышуучу катышкандыгына барабар.

Кароого алынып жаткан мезгил ичинде коммерциялык банктарга депозиттердин агылып кирүү көлөмүнүн көбөйүшү белгиленген. 2015-жылы жаңыдан кабыл алынган депозиттердин көлөмү[1] 2014-жылдын тиешелүү көрсөткүчүнө салыштырмалуу 1,9 пайызга көбөйүү менен 400,2 млрд сомду түзгөн. Улуттук валютада жаңыдан кабыл алынган аманаттардын көлөмү 190,1 млрд сомду (+5,9 пайызды), чет өлкө валютасында – сомдук эквиваленте 210,1 млрд (-1,5 пайызды) түзгөн.

Түзүм боюнча жаңыдан кабыл алынган аманаттардын көбөйүшү негизинен мөөнөттүү депозиттердин өсүшү менен камсыз болгон, алардын көлөмү бир мезгил ичинде 11,9 пайызга көбөйгөн. Мында, талап боюнча төлөнүүчү аманаттардын үлүшү мөөнөттүү аманаттардын үлүшүнүн пропорционалдуу кеңейтилиши менен (12,7 пайыздан 14,0 пайызга чейин) 87,3 пайыздан 86,0 пайызга чейин төмөндөгөн, бул негизинен алардын узак мөөнөттүү түзүүчүсүнүн өсүшүнөн улам келип чыккан.

**3-график. Мөөнөттүүлүк категориялары боюнча улуттук валютадагы депозиттердин пайыздык чендеринин орточо деңгээли**




**4-график. Мөөнөттүүлүк категориялары боюнча чет өлкө валютасындагы жаңы депозиттердин пайыздык чендеринин орточо деңгээли**




Улуттук валютада жаңыдан кабыл алынган депозиттер боюнча орточо салмактанып алынган пайыздык чен 2014-жылдын тиешелүү көрсөткүчүнө салыштырмалуу өзгөрбөстөн 2,50 пайызды түзгөн. Мында, улуттук валютада мөөнөттүү депозиттер боюнча орточо салмактанып алынган пайыздык чен 13,09 пайызды (+2,14 пайыздык пункт), ал эми талап боюнча төлөнүүчү депозиттер боюнча орточо салмактанып алынган пайыздык чен 2014-жылдын тиешелүү мезгилине салыштырмалуу 0,12 пайыздык пунктка төмөндөө менен 1,22 пайызды түзгөн.

Чет өлкө валютасында жаңыдан кабыл алынган депозиттер боюнча чен 1,07 пайызды (+0,19 п.п.) түзгөн. Мында, чет өлкө валютасында талап боюнча төлөнүүчү депозиттер боюнча орточо салмактанып алынган пайыздык чен 0,11 пайызга чейин, (-0,01 п.п.), мөөнөттүү депозиттер боюнча 5,83 пайызды түзүү менен 0,03 пайыздык пунктка төмөндөгөн.

[1] Жаңыдан кабыл алынган депозиттер көлөмүндө банктардын кардарларынын эсептешүү эсеби эске алынбайт.